# Баткендик кыз

Кимдер билет  ким билбейт

Көбу билет көп билбейт

Сындуу Биткен жеринде

Бир сулуу кыз бар дешет

Аны издеп келдим мен

Айгүлү тоо борунан

Аны күтүп келдим мен

Өрүк гүл зар баганан

Көз тийбесин чырайыңа

Тамшанамын дидарына

Кагылайын карындашым

Аппак сүйүүм тунук сүйүүм

Алгач сүйүүм сага гана

Өрүк терип кетели

Данек чагып жешели

Макул дечи карындаш

Колуң сунчу карындаш

Жалал-Абатка кетели

Алып сени кетейин

Жалал-Абат жерине

Кең пейилдүү мен өскөн

Сырдуу чаткал жерине

Макул дечи карындаш

Шар аккан суу бойлойлу

Жалын жаштык өмүрдүн

Шаттыгында ойнойлу